**КАЧИЕВА А.Е.**
*КББА*

# ТАРБИЯЛАНУУЧУЛАР КОЛЛЕКТИВИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

***Түйүндүү сөздөр:*** *класс жетекчи, тарбиялануучулар, коллектив.*

Орто мектептерде жүргүзүлүүчү таалим-тарбия ишинин натыйжалуулугу класс жетекчинин иш аракетине түздөн-түз көз каранды. Тилекке каршы азыркы учурда коомдогу өзгөрүүлөрдүн абалы класс жетекчилердин иштеринин мазмунуна да өздөрүнүн таасирин тийгизип жатат. Азыркы учурда класс жетекчилердин тарбиялануучулар коллективи менен традициялуу түрдө иш-чараларды алып баруусу мезгилдин талабына жооп бербей калды. Ошондуктан бул актуалдуу проблема болуп саналат.

Кыргызстандын көрүнүктүү окумуштуусу Э.Мамбетакунов [4] (“коллектив”- адамдардын жыйыны, биригиши, тобу) тарбиялануучулар коллективин төмөнкүдөй мүнөздөйт: *биринчиси,* тарбиялоо коллективин жалпы ишмердүүлүк бириктирет. Аларга: окуу, эмгектенүү, коомдук иш алып баруу, ийримдер, чыгармачылык иштер жана башкалар кирет. *Экинчиси,* тарбиялоо коллективи аныкталган түзүлүшкө ээ. Мисалы, орто мектептин коллективи бул педагогдордун жана окуучулардын коллективинин жыйындысы. *Үчүнчүсү,* тарбиялоо коллективинде өзүнүн башкаруу органды пайда болот. Ал эми *төртүнчүсү,* традициянын жана адаттын негизинде кабыл алынган талаптар бекилет.

Орус педагогу А.С.Макаренко [2] окуучулардын коллективи өзүнүн өнүгүүсүндө үч этапты басып өтөөрүн далилдеген: *биринчи этап* -коллективдин пайда болушу, анын мүчөлөрүнүн арасындагы жакынкы (күнүмдүк) жана ортоңку (майрамдар, жүрүштөрдү уюштуруу жана башкалар. Өнүгүүнүн бул этабында коллективдин биримдигинин алгачкы мүнөздөрү пайда болот жана жалпы максаттын, ишмердүүлүктүн негизинде биригүү, активдин аныкталышы менен аяктайт. Коллективдин өнүгүүсүнүн *экинчи этабында* коллективди башкаруу өз алдынча активдин жетекчилиги менен жүргүзүлө баштайт. Коллективдеги жалпы багыт, кызыкчылык, жалпы баалуулуктар пайда болуу менен ал бир бүтүн система катары жашай баштайт жана коллективдин айрым мүчөлөрү менен жалпы коллективдин ортосундагы мамилелердин маселелери пайда болот. Бул учурда коллективдин ичинде кичинекей топтордун (микрогруппалар) түзүлүшү мүмкүн. Коллективдин үчүнчү *өнүгүү этабында* туруктуу мамилелер пайда болот. Бул учурда коллектив тарабынан аныкталган талаптар пайда болот. Эгерде коллектив абдан жакшы өнүксө, анда анын ар бир мүчөсү өзүнө, анын жолдошторуна коюлган жогору талапты коё баштайт жана коллективди башкаруу жакшы, жогорку деңгээлге коюлат.

Тарбиялануучулар коллективин өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй жолдору бар [4]: *биринчиси, класстагы активдүү окуучулар менен иштөө.* Класс жетекчи өзү жаңы классты кабыл алган күндөн тартып аң-сезими өзгөчө өнүккөн, иште демилге көтөрүшкөн, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү бар, активдүү окуучулар менен иштейт. *Экинчиси, окуучулардын билим алуу сапатын жогорулатуу.* Бул багытта иштөөдө класс жетекчи төмөндөгүдөй милдеттерди коюусу зарыл: *1) Окуу эмгегине аң-сезимдүү жана жоопкерчиликтүү мамиле жасоого тарбиялоо.* Окуучулардын билимдеринин сапаты алардын окууга карата болгон мамилесине, көңүл буруусуна, тырышчаактыгына, активдүүлүгүнө, демилгесине, өз алдынчалуулугуна жана кызыгуусуна көз каранды. Мындай сапаттарды калыптандыруу, алардын окуу эмгегинин маанисин окуучуларга түшүндүрүү жана билим алууга милдеттүүлүгүнө жооптуу мамиле кылышын талап кылуу класс жетекчинин тарбиялык ишинде чоң орунду ээлейт. Ал окуучулардын билим алуу талабын пайда кылат жана бул билимдерди тажрыйбада колдонуу билгичтигин иштеп чыгууга, окуунун перспективаларын ачып берүүгө аракеттенет. *2) Билим алууга, илимге болгон кызыкчылыгын арттыруу.* Окуучу өзүнүн күчүнө ишенүүчүлүктү жана жөндөмдүүлүктү, анын окууга карата болгон кызыгуусуна демилге берүү (кээде кичине

эле ийгиликтери үчүн) эң маанилүү жана окуу эмгегинде кубанычты сезүү мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуу керек. Мугалимдин окуучунун өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө, күчүнө ишенимди пайда кылуусу, окууга карата болгон кызыгуусуна демилге берүүсү алардын окуу ишинде боло турган кыйынчылыктарды жеңүүгө, билим алуу активдүүлүгүнүн жана билимге болгон сүйүүсүнүн өнүгүшүнө түрткү берет. *3) Окуу эмгегинин маданиятын көтөрүү.* Сабактардан жетишпөөнүн себептеринин бири - окуучуларда системалуу жана пландуу окуу иштерин аткарууда ыктарынын жана адаттарынын жоктугу болуп саналат. Класс жетекчинин милдети – таалим-тарбия процессинде туруктуулук менен ойду топтоочулук, кездешкен кыйынчылыкты жеңе билүү, ойлонуп окуу ыктарды, китеп менен өз алдынча иштөө, үй тапшырмаларын аткаруудагы практикалык ыктар менен билгичтик сыяктуу сапаттарды иштеп чыгууда окуучуларга жардам берүүсү өзгөчө маанилүү болот. *4) Окуучуларды окуу эмгегинде белгилүү режимди сактоого үйрөтүү.* Окуу эмгеги менен дем алуунун туура алмаштырылышы, үй тапшырмаларын уюшкандыкта өткөрүлүшү күндөлүк режимди сактоого түрткү берет. Режимди сактоо үчүн класс жетекчи менен ата-энелердин системалуу текшерүүсү жана аткарылышына көрсөткөн жардам окуучулардын сабактардан жетишүүсүнө олуттуу жардам берет жана тартиптүүлүккө, тыкандыкка үйрөтөт. *5) Окууда класстагы окуучулардын өз ара жолдоштук жардамын уюштуруу.* Өз ара жолдоштук жардам класста сабактан жетишпөөчүлүктү, мектептен кетип калышын алдын ала болтурулбай коюууга түрткү берет. Ошону менен бирге жолдоштук, достук балдар коллективинин өнүгүүсүнө жардам берет. *6) Класстагы тартип.* Класстагы тартип - таалим-тарбия процессинин ийгиликтүү каражаты жана натыйжасы. “Тартип” жана “тартиптүүлүк” деген түшүнүктөрдүн айырмасы бар. “Тартип” [1] - коомдук маселелердин ачык-айкын түшүндүрүлүшү, анын жардамы менен коллективдин арасында кандайдыр бир жалпылыкка жетише турган бирдиктүү аракеттердин жыйындысы, ал эми “тартиптүүлүк-бул инсандын мүнөзү, коом тарабынан кабыл алынган эрежелерди, жүрүш-туруш нормаларын адамдардын аң-сезимдүү аткарышын талап кылган адеп-ахлактуулук сапаттары дегенди билдирет. Окуучуларды тартиптүүлүккө тарбиялоонун төмөнкүдөй формалары жана методдору бар: талап коюу өтүнүү, кеңеш берүү, жактыруу, талкулоо, билдирүү, алдын-ала эскертүү жана башка формаларда туюндурулушу мүмкүн. Талап коюу - окуучулардын пайдалуу ишмердүүлүгүн уюштурууга жана стимулдаштырууга багытталуу менен алардын тескери иштерин токтотууга, жагымсыз кылык-жоруктарынын алдын алууга түрткү берет. Өтүнүү - окуучуларга карата ишеним көрсөтүлөт, ошондуктан ал чын көңүл менен кабыл алынып, аткарылат. Кеңеш берүү-формасында туюндурулган талап коюу окуучуларды өзүнүн күчүн текшерүүгө, жүрүш-турушун уюштурууда демилгечиликти жана өз алдынчалыкты калыптандырат. Жактыруу - пайдалуу ишке түрткү берет жана окуучуларда жасаган иштерине канаатануу сезиминин келип чыгышына көмөк берет. Талкулоо - жазалоого жакын жана жагымсыз терс аракеттерди токтотууга багытталган. Демек, талаптардын ар бир формасы белгилүү бир тарбиялык функцияларды аткарат жана тиешелүү педагогикалык таасир көрсөтөт. *Үчүнчүсү, окуучулардын алдына кызыктуу перспективаларды коюу.* Перспектива - бул коллективдин бардык мүчөлөрү умтулган, ишке ашыруу үчүн тынымсыз аракет жасаган, келечекте болуучу кызыктуу окуя. Перспективаны коюунун үч түрү бар: *жакынкы, ортоңку жана алыскы.* Жакынкы перспективага класс коллективи алдыдагы чейректи ийгиликтүү аяктаганга ниеттенсе, ортоңку перспектива-мектепти ийгиликтүү бүтүп, жогорку же атайын орто окуу жайына кызыккан адистиги боюнча өтүүгө үмүттөнүү. Ал эми алыскы перспективага-жакшы адис, жакшы ата-эне болуп, элдин, ата-эненин, мугалимдин үмүтүн актоо. Класс жетекчинин милдети - окуучулардын алдына чыгармачылык менен кызыктуу перспективаларды коё билүүсү, класс коллективин дайыма алга сүрүүсү жана бул умтулууну токтоп калууга жол бербөөсү. Токтоп калуу - коллективдин жоюлушу, ал эми тынбай алдыга умтулушу - анын өнүгүшүнүн мыйзамы. Мисалы, коллектив менен бирге кино, цирк, театрларга баруу, класстык кечеге даярдануу, театралдык ийримдерин уюштуруу, туристтик жүрүштөргө даярдоо жана башкалар. Бул окуучулардын

коллективдүү иштерин өрчүтүп андан ары да бекемделишине жана ынтымактуулукка жол ачат. *Үчүнчүсү, класста жакшы салттарды жаратуу.* Салт деген термин коллективдин турмушунан бекем орун алган жакшы үрп-адат, иштеги ийгиликтүү тажрыйбаны билдирет. Жыл сайын мектептерде салтка айланган түшүм майрамы, адабияттын, искусствонун көргөзмөлөрү жана бүтүрүүчүлөр менен жолугушуулар өткөрүлөт. Мисалы: биз 9 “а” класста (А.Садыков атындагы №72 мектеп-гимназия) балдар үйүндө тарбияланып жаткан мүчүлүштүктөрү кем балдарга ата-энелердин катышуусу менен материалдык жактан жардам берүүчүбүз. Мындай салтка айланган иш-чаралар балдарды кайрымдуулукка, боорукерликке ынтымактуулукка, биримдүүлүккө, өз алдынчалуулукка үйрөтөт деп эсептейбиз.

Демек класс жетекчи тарбиялануучулар коллективинин көп кырдуу иштерине, каалоолоруна, кызыгууларына жана алдыга умтулууларына өзүнүн кесипкөйлүгүн, тажрыйбасын, үлгүлүү жүрүм-турумун, адамгерчилик касиеттерин, сапаттарын колдонуусу - окуучуларга тарбия берүүдө маанилүү күчкө айланат.

**Адабияттар**

1. Болдырев Н.И., Классный руководитель. М.; “Просвещение” 1955 г. 291 с;
2. Макаренко А.С. Сочинения, T.V.M., РФСРдин АПН басмасы, 1958 ж. -357 бет.;
3. Мамбетакунов Э. Мугалимдер газетасы. 6-март. 1974-жыл 6 б.;
4. Мамбетакунов Э., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. Окуу куралы. Толукталып экинчи басылышы-Б.: Айат, 2008. 82 б.